## БГУ укрепляет связи




***В Бишкекском гуманитарном университете прошел XIII Международный форум «Диалог языков и культур СНГ и ШОС в XXI веке». Об этом сообщила пресс-служба университета.***

Форум организован совместно с Московским государственным лингвистическим университетом при поддержке Межгосударственного фонда гуманитарного сотрудничества государств-участников СНГ.

Здесь приняли участие всемирно известные ученые, педагоги, деятели культуры, науки и образования, также представители государственных и международных общественных, политических и религиозных организаций.

В своей приветственной речи, ректор Абдылда Мусаев выразил надежду на то, что сотрудничество в гуманитарной сфере, будет только крепнуть и расширяться. Также он отметил, что дальнейшее расширение и углубление интеграционных процессов в пространстве СНГ станет надёжной основой для устойчивого развития и процветания наших стран.

Целью Форума является формирование общего гуманитарного и образовательного пространства стран Содружества независимых государств и Шанхайской организации сотрудничества, а также укрепление связей гуманитарных университетов этих межгосударственных структур.

## МАЙРАМДЫК ИШ-ЧАРАЛАР МЕНЕН ӨТКӨН АПТА

***Бул апта Ош мамлекеттик юридикалык институтунда түрдүү иш-чаралар менен коштолууда. Айрыкча 17-ноябрь - Эл аралык студенттердин күнүнө карата өткөрүлгөн «Таланттуулардын таймашы» аттуу конкурсу студент жаштарга көтөрүңкү маанай тартууланды.***

Майрамдын урматына уюштурулган иш-чараны алгач институттун ректору Эгемберди Токторов салтанаттуу ачып, жаштарды куттуктоо менен алардын окууларына жана иштерине ийгиликтерди каалады.

Иш-чара окуу жайдын укук жана ишкердүүлүк факультетинин демилгеси менен өткөрүлүп, анда студенттер өздөрүнүн билимин жана өзгөчөлөнгөн таланттарын түрдүү шарттарда даңазалашты. Студенттер саламдашуу, кийинүү маданияты, улуттук үрп-адаттар, жандуу үн менен ырдоо сыяктуу тапшырмаларды аткарышты. Алардын жөндөмү калыстар тарабынан ар тараптуу таразаланып, бааланып турду. Көрүүчүлөрдүн купулуна толуп, жогорку баага татыган Юридикалык колледждин таланттуу студенттери биринчи орунду жеңип алышты. Аягында активдүү катышкан студенттерге, алдыңкы орунду ээлеген командаларга баалуу белектер тапшырылды. Бул тууралуу окуу жайдын басма сөз катчысы кабарлады.



## ОГПИДЕ "АЛТЫН КҮЗ – 2017" ЖАРМАНКЕСИ ӨТТҮ

***Ош гуманитардык-педагогикалык институтунда берекелүү күз мезгилинин жөрөлгөсүн улай "Алтын күз – 2017" аталышында түшүм майрамы белгиленди. Бул тууралуу окуу жайдын маалымат катчысы билдирди.***

Иш-чара окуу жайдын табият таануу жана география факультети тарабынан уюштурулуп, факультеттин тайпалары, ар кандай өсүмдүктөрдүн, улуттук даамдардын түрлөрүн стол үстүнө жаюу менен жармаңкеге кызуу даярдыкта катышышты. Ошондой эле атайын студенттер ортосунда күз мезгилине байланыштуу ыр, дилбаян жазуу жана сүрөт тартуу боюнча сынактар уюштурулуп, жеңүүчүлөргө уюштуруу тобу тарабынан диплом жана белектер ыйгарылды.

Жармаңкенин экинчи бөлүгү, чыгармачыл студенттер тарабынан даярдалган концерттик программа менен коштолуп, кызыктуу оюн-зооктор менен көрүүчүлөргө майрамдык маанай тартууланды.

## ОШМУнун ОКУТУУЧУЛАРЫ КЫТАЙДАН ТАЖРЫЙБА АЛМАШЫП КЕЛИШТИ

***Ош мамлекеттик университетинин ректору Каныбек Исаков башында турган делегация ноябрь айынын башында Кытай Эл Республикасынын Үрүмчү, Пекин шаарларында иш сапары менен болуп келишти.***

Окуу жайда көп жылдардан бери үзүрлүү эмгектенип жаткан 15 профессордон түзүлгөн делегация алгач Пекин шаарында болуп, Пекин Чет тилдер жана Цинхуа университеттеринде өткөрүлгөн жолугушууларга катышып, университеттин базалары менен таанышып, ар бири өз багыттары боюнча тажрыйба алмашышты. Андан кийин Үрүмчү шаарындагы Синьцзян педагогикалык университетинде болушуп, түрдүү маданий-массалык иш-чараларга катышып, Кытайдын маданиятын, үрп-адатын чагылдырган тарыхый жайлары менен таанышышты.

Белгилей кетүүчү жагдай, бул багыттагы иш сапарлар беш жылдан бери уюштурулуп, анда профессорлор, окутуучулардан турган делегациялар чет өлкөлүк жогорку окуу жайларында болушуп, тажрыйба бөлүшүп, билим берүү системасы, маданияты, тарыхы менен жакындан таанышып, билим берүүнү жүүрүлүштүрүп келишет. Ушундай эле делегация 2015-2016-окуу жылында Үрүмчү, Шанхай шаарларында болуп, бир топ университеттеринде кызматташуу алкагында жолугушууларды өткөрүп келишкен. Ал эми окутуучулар, студенттер академиялык мобилдүүлүк багытындагы түрдүү программалардын негизинде жыл бою тынымсыз тажрыйба алмашып турушат.



## КТМУ "ЭҢ ТААСИРДҮҮ ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЫ" ДЕП ТАБЫЛДЫ

***Кыргыз-Түрк "Манас" университети «Web of Science Awards-2017» электрондук маалымат базасында илимий макалаларды көп жарыялагандыгы үчүн "Эң таасирдүү жогорку окуу жайы" деп табылды. Сыйлык 10-ноябрда Кыргыз улуттук илимдер академиясында Илим күнүнө карата өткөн иш-чарада тапшырылды.***



Иш-чарада «Clarivate Analytics» (Thomson Reuters) компаниясынын өкүлдөрү мыкты рейтингге жетишкен кыргызстандык окумуштууларга жана жогорку окуу жайларына сыйлыктарды ыйгарды. Аталган рейтинг боюнча Кыргыз-Түрк "Манас" университети Кыргызстанда илимий макалаларды эң көп жарыялагандыгы үчүн сыйланды.

"Бул жетишкендик окуу жайдын бир топ жылдан бери жасаган ишинин натыйжасы болуп саналат. Биз университеттин инфраструктурасын өнүктүрүүгө, материалдык-техникалык базага жана билим берүү менен илим изилдөө иштеринин сапатын жакшыртууга айрыкча көңүл буруп, абдан чоң маани берип келебиз. Билим берүүдө жана илим тармагында өз орду бар Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин мындай татыктуу ийгиликтерге жетишүүсүнө жалпы жамаатыбыз менен биргеликте кубанып жатабыз. Жаңы ачылыштарга ишенимдүү кадам таштаган "Манас" университети келечекте мындай ийгиликтердин санын дагы арттырып, жигердүү эмгектене бермекчи. 2023-жылы Орто Азияны өзүнө тартып турган билим берүүнүн борборуна айлануууга жетишебиз", - деди ректор

## КЭУ провел конференцию по предпринимательству

***Кыргызский экономический университет провел международную научно-практическую конференцию: «Социально- экономические проблемы развития предпринимательства в условиях ЕАЭС» и параллельно вторую международную встречу в рамках проекта Эразмус + «Инвестирование в предпринимательские университеты Кавказа и Центральной Азии» (EUCA-INVEST) с 20-21 октября текущего года.***

На мероприятии приняли участие представители Европейских и кыргызских вузов-партнеров проекта. Следует отметить, что инициатором темы конференции является рабочая группа проекта КЭУ. Проект предусматривает обмен опытом с ведущими европейскими вузами мира по созданию креативных start-up лабораторий, а также трансфера и коммерциализации инновационных идей и start-up проектов.

После полудня партнеры по проекту из вузов Европы, Грузии и Кыргызстана посетили Бишкекскую свободную экономическую зону, где ознакомились с несколькими субъектами предпринимательства и с деятельностью СЭЗа в целом.

Далее по программе на второй день состоялось обсуждение таких задач проекта как: Концепция креативных лабораторий, обучающие программы, распространение информации о деятельности креалабов, соревнование среди студентов стартаперов между вузами партнерами и т.д.